Өнүктүрүү саясат институту, Гуманитардык долбоордоо институту жана «Муниципалитет» журналы Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкарууга арналган

# ТЫҢ ЖАШОО: УШУЛ ТАПТА, УШУЛ ЖЕРДЕ - 2017

**Плакаттар сынагын** жарыялайт.

***1.05 - 15.09.2017***

***Катышуучулар:*** Кыргыз Республикасынын 14 жаштан жогору жарандары, жана ошондой эле КРде туруктуу жашаган жарандар. Кесипкөй сүрөтчүлөр менен дизайнерлердин жана чыгармачыл адистиктеги студенттердин катышуусу кубатталат.

***Сынакка «Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» Долбоору тарабынан колдоо көрсөтүлөт. Долбоор Швейцария Өкмөтү тарабынан каржыланып, Өнүктүрүү саясат институту аткарат***

**Сынактын өнөктөштөрү:** Дизайн.kg порталы, Кыргызстан Сүрөтчүлөр биримдиги, Чуйков атындагы көркөм сүрөт окуу жайы жана «СХ» журналы.

***«Ушул тапта, ушул жерде» Плакаттар сынагы Кыргызстанда үчүнчү жолу өтүп жатат. 2012-2014-жылдарда өткөн сынактарда көптөгөн материал чогулуп, Бишкектеги Улуттук Көркөм өнөр музейинде, андан кийин Ош жана Каракол шаарларында чоң көргөзмөлөр өткөн; плакаттар жана календарлар басып чыгарылган. Мындан сырткары, сынакка катышкан көп эмгектер «Муниципалитет» журналында тексттерге иллюстрация катары колдонулган. Бирок заман өзгөрүүдө: жергиликтүү өз алдынча башкаруу өнүгүп жатат, кандайдыр бир маселелер ийгиликтүү чечилүүдө, кээ бирлери чечилбестен калып жатат жана албетте, жаңы көйгөйлөр пайда болду. ЖАРАНДАРДЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУГА КАТЫШУУСУ сыяктуу жөнөкөй эмес маселени визуалдаштырууга плакаттар көрүнүктүү жана түшүнүктүү кылууга жардам берет деген мурдагы конкурстардын ийгилиги менен бекемделген ишеним бар.***

***Сынактын тапшырмалары:*** *ЖӨБ менен байланышкан көйгөйлөрдү гана эмес, аларды чечүү жолдорун жана ЖӨБдүн ийгиликтүү иштери тууралуу мисалдарды көрсөтүү.*

***Сынактын темасы:***

- **ЖӨБ жана элдин кызыкчылыктары.** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жардамга муктаж болгон карыкартандарга, мүмкүнчүлүктөрү чектелгендерге, көп балалууларга, жакыр үй-бүлөлөргө жана үй-жайы жокторго кантип жардам бере алат?
- **Жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы айымдар.** Чечимдерди кабыл алууда айымдардын катышуусу. Жумуш жасай турган жерде – айымдар, ал эми чечим кабыл алууда эркектер катышат . Гендердик бюджет? Айымдар үчүн кызматтар?
- **Адам үчүн ыңгайлуу Муниципалитет:** ичүүчү суу жана канализация, көчөлөрдү жарыктандыруу, муниципалдык жолдор (калктуу конуштардын чегинде), таштанды чогултуу.

## Байгелер

**Жалпы байге фонду 160 000 сомду түзөт, анын ичинде:**

- **1 байге – 60 000 сом;**
- **2 байге – 30 000 сом;**
- **3 байге – 15 000 сом (3 байге);**
- **«Айым жана ЖӨБ» номинациясында атайын байге – 15 000 сом;**
- **Шыктандыруучу байге – 5 000 (5 байге, анын ичиниде «Аймактан түшкөн мыкты иш» жана «14 - 18 жашка чейинкилер тобундагы мыкты иш).**

- **Жергиликтүү бюджет, анын айкындуулугу,** бекитилиши жана максаттуу пайдаланышы. Артыкчылыктарды аныктоо: кайсынысы маанилүү - мектептин оңдоп түзөөбү же жолдун оңдоосубу?
- **Адамдын жашоосу бир гана нан менен эмес:** эмне үчүн ЖӨБ органдары жакшылоо менен гана эмес, маданият менен да алек? Маданий мекемелер, китепканалар жана клубдар кантип жашап жана өнүгүп жатышат?
- **Жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы жаштар жана балдар:** мектепке чейинки балдардын өнүгүүсүнө, жаштардын жана балдардын көңүл ачуусуна, спорт менен машыгуусуна жана мектептен тышкары кошумча билим алууга кандай шарттар түзүлгөн?
- **Прогресспи же мыйзамсыз курулушпу?** Жер пайдалануунун эрежелери, шаар куруу жана архитектуранын нормалары жана эрежелери. Коомдук мейкиндиктер, сейилбактар, гүл бакчалар.
- **ЖӨБ жөнүндө менин окуям.** ЖӨБ ишинин башка маанилүү тараптары.

Уюштуруучулар жеңүүчүлөр ортосунда каражаттарды бөлүштүрүүнү өзгөртүү, ошондой эле байге фондун толугу менен колдонбой коюу укугуна ээ.
***Маанилүү:*** мыйзамга ылайык, байге каражаттарынан салык алынат

***Автордук укуктар: Бардык укуктар плакаттардын авторлоруна тиешелүү. Уюштуруучу (ӨСИ) сынакка түшкөн иштерди ММКда жана башка басма продукцияда жарыялоо, ӨСИ басылмалары үчүн жана ушул долбоордун көргөзмөсүнүн жарнагы үчүн колдонуу укугуна ээ.***
***Сынакка иштерин өткөрүп жатып, автор сынактын шарттарына макул болгонун тастыктайт.***

***Плакаттар сынагынын эрежелери:***
Сынакка А3 көлөмүндөгү каалаган техникада (компьютерге же колго) жасалган автордук плакаттар кабыл алынат. Бир автордон (авторлор тобунан) 3төн ашпаган иш катыша алат. Плакаттар өзүнө графикалык, шрифттик (кыргыз, орус же өзбек тилдериндеги ураандар) же фотографиялык элементтерди камтый алат. Арткы бетине төмөнкүлөрдү жазыңыз:

- эмгегиңиздин аталышы,
- автордун (авторлордун) ысымы жана фамилиясы,
- автордун (авторлордун) жаш курагы,
- автордун (авторлордун) үй дареги, телефон номери (жумуш, үй, чөнтөк телефондор)
- автордун (авторлордун) электрондук дареги.
- студенттер үчүн ЖОЖдун аталышы жана кеңеш берген окутуучунун аты-жөнү (эгерде ошондой окутуучу болсо).

Плакаттын алды жагында автор (авторлор) тууралуу эч кандай маалымат БОЛБОШ КЕРЕК. Болбосо ошол иш сынакка катышпайт.

Бардык иштер чапталган конвертте 2017-жылдын 15-сентябрына чейин кечки саат 17:00 дөн кечиктирбестен төмөнкү дарек боюнча тапшырылыш керек:
Бишкек, Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту.
Маалымат алуу үчүн тел.: +996 (312) 996 312, +996 (312) 976-530, +996 (312) 976-531.
***Кураторлор:*** Наталья Андрианова жана Гамал Боконбаев.
***Координатор***: Жылдыз Керимова (0555 43 26 60)

***Пайдалуу шилтемелер:***
«Тың жашоо: ушул тапта, ушул жерде 2017» http://www.design.kg/index.php?showtopic=11110&pid=167972&st=0&
«Тың жашоо: ушул тапта, ушул жерде 2014» http://www.design.kg/index.php?showtopic=10125
«Тың жашоо: ушул тапта, ушул жерде 2012» http://www.design.kg/index.php?showtopic=7009&hl=%CF%D0%CE%CE%CD
www.municipalitet.kg («Муниципалитет» журналынын сайты)
www. dpi.kg (Өнүктүрүү саясат институтунун сайты)
www.vap.kg («Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» Долбоорунун сайты»

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

МУНИЦИПАЛИТЕТ

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra
Swiss Agency for Development and Cooperation SDC

ПАРТНЕРЫ:
design.kg

СОЮЗ ХУДОЖНИКОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ